КЫРГЫЗ ЭЛИНИН МАТЕРИАЛДЫК ЭМЕС МАДАНИЙ МУРАСТАРЫНЫН ЭЛЕМЕНТТЕРИНИН ТИЗМЕГИ

Кыргыз элинин материалдык эмес маданий мурастарынын элементтеринин тизмеги

№	Аталышы	Мүнөздөмө	Түрү
1.	**1. Элдик оозеки чыгармачылык**		
	«Манас» үчилтиги		
«Манас» «Семетей» «Сейтек»		«Манас», «Семетей», «Сейтек» эпикалык үчилтиги кыргыз элинин руху жана мурасы. Манасчылар эпостун өзөктүү окуяларын сактап, салттуу түрдө кырааты менен айтышат. «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпикалык үчилтиги кыргыз элинин энциклопедиясы жана бүтүндөй жашоосу.	"Манас", "Семетей", "Сейтек"
Кенже эпостор		Фольклордогу эпикалык түргө кирүүчү ыр формасындагы көлөмдүү чыгармалар. Эпостордо элдин тарыхый турмушу, маданий-социалдык абалы, карым-катнашы, үрп-адаты, келечектен күткөн тилеги кеңири чагылдырылат. Кыргыз эпосторун көлөмүнө, андагы камтылган окуяларга карап шарттуу түрдө эки чоң топко бөлөбүз: улуу ("Манас" үчилтиги) жана кенже эпостор. Ал эми идеясына, окуялардын мүнөзүнө жараша баатырдык жана турмуштук-социалдык деп эки жикке ажыратылат.	«Жаныл Мырза», «Эр Төштүк», «Эр Табылды», «Курманбек», «Кедейкан», «Олжобой менен Кишимжан», "Саринжи, Бөкөй", "Жаныш-Байыш", "Кожожаш", "Сейитбек", "Жоодарбешим", "Эр Солтоной", "Мендирман", "Жолойкан" ж.б.

Элдик поэмалар	**Кыргыз элдик фольклорунда поэма жанры кеңири өнүккөн. Элдик поэмалар оозеки түрдө ооздон-оозго өтүп, узак убакыттар бою жашап келген. Алардын баатырдык, социалдык-турмуштук, лирикалык (любовно-лирические) деген түрлөрү бар экени маалым.**	**“Карагул ботом”, “Кыз Сайкал”, ”Шырдакбек”, “Гүлгаакы”, “Ак Мактым”, “Кулмырза менен Аксаткын”, “Жалайыр жалгыз”, “Ак Мөөр”, “Тайлак баатыр”, “Эр Эшим”, “Нарынбай”, “Мундук, зарлык”, “Кыз** **“Дарыйка”, “Ак Бермет”, “Качкан кыз”, ж.б.**
Элдик ырлар	**Оозеки формада жаралып, элибиздин коомдук-социалдык жашоо шартына жараша өнүккөн кыргыздын көркөм сөз өнөрүнүн бир үлгүсү. Элдик ырлар кыргыз элинин басып өткөн тарыхын, үрп-адатын жана каада-салтын, осуяттарын, сабактарын, кабар берүүнү, куттуктоону, жоктоолорду, кошокторду, айтыштарды, эмгекке, балдарга арналган ырларды, сүйүү ырларын ж.б. чагылдырган. Бул ырлардын обондору речитативдик формада аткарылган. Элдик ырлар бир нече түрлөргө бөлүнөт.**	**Элдик ырлар – эмгек ырлары, каада-салт ырлары, сүйүү ырлары (ашыктык, секетбай), балдарга арналган ырлар, санат-насыят ырлары, терме ырлары, дин ырлары, арман ырлары, кошоктор, алкыш, каргыштарды ичине камтыйт.**
Макал, лакаптар, табышмактар, жаңылмачтар, калптар	**Эл өзү жаратып, атадан балага, укумдан-тукумга таратып, жаш муундун акыл эсин өстүрүүдө, көркөм-эстетикалык табитин калыптандырууда кеңири колдонулуп келген эң бай мурастар – макалдар, лакаптар.** **Макал, лакаптар - тарых, турмуш чындыгы, өткөндөрдүн элеси, жашоонун нускасы, адамдардын бири-бирине, айлана чөйрөдөгүлөргө берген сыны, алардын дүйнөгө, жаратылышка, жашоого болгон коз карашы, ой-санаасы, үмүт-тилектери, каада-салты, мүнөздөрү, чыгарган корутундулары. Табышмак – элдик оозеки чыгармачылыгынын эң байыркы жана өтө кеңири тараган, жаратылыш**	**Макал, лакаптар, табышмактар, жанылмачтар, калптар**

	кубулуштарын, заттар менен түшүнүктөрдү каймана мааниде сыпаттап, жандырмаксыз айтылган кыска поэтикалык чыгарма. **Жаңылмачтар** – баланы эрте жашында так жана туура сүйлөөгө үйрөтүүнүн негизги каражаттардын бири болуп саналат. Анын жардамы менен бала так сүйлөөгө, сезимталдыкка, өз алдынча ойлоого, тез реакция кылууга үйрөтөт. **Калптар** – адамдын кыялынан бүткөн, акылга сыйбас жок нерсени чындай баян кылган кезде ыр, айрым учурда кара соз түрүндөгү оозеки адабияттын чакан көркөм үлгүсү.	
Чечендик өнөр	**Чечендик өнөр** – толугу менен фольклордун талабына жооп берүүчү, кырдаалга ылайык айтылгандыгы, курчтугу, таамайлыгы, маанисинин тереңдиги менен айырмаланган, чечен адамдар тарабынан оозеки айтылган сөздөр. Кыргыз элинде, Көкөтөй, Тилекмат, Акматаалы деген чечендер болгон. Жээренче чечен (уламыш кепте) сыктуу адамдардын сүйлөгөн сөздөрү, иш-аракеттери эл ичинде аңызга, уламышка айланып кеткен. Чечен сөздөр көбүнчө табышмак, суроо-жооп ирээтинде айтылат, бир чеченди экинчиси жеңүү коюлат. Макалдатып, уйкаштырып, жорго созгө салып сүйлөө – чечендик өнөрдүн негизги бөтөнчөлүгү.	
Жомоктор, уламыштар, аңыздар	Элдик оозеки чыгармалардын башка жанрлары сыяктуу эле **жомоктордун** бардык түрлөрү калктын каада-салтын, салт-санаасын поэтикалык көркөм кыялын, фантазиясын ар түрдүү окуялардын түрмөгүндө чагылдырган кыргыз оозеки чыгармачылыгындагы негизги бир жанр. Анда	*Жомоктор:* 1. Айбанаттар жөнүндөгү жомоктор; 2. Кереметтүү жомоктор; 3. Турмуштук жомоктор; 4. Анекдоттук, сатиралык жомоктор

	элибиздин түрдүү доордогу ой-пикири, турмуш абалы, түшүнүгү, дүйнөгө карата болгон көз карашы чагылдырылат. **Уламыштар** - **улама**, **аңыз** элдик ооеки адабиятта кеңири тараган жанр. Бир топ белгилери жагынан легендаларга өтө жакын турат. Уламыштар тарыхый инсандар, тарыхый окуялар, көрүнүштөр тууралуу, жер-суу аттарынын келип чыгышы жөнүндө тарыхый баяндоого, чындыкка жакыныраак чечмелөөгө басым жасалат. Демек, тарыхый негизи бар окуяларды, турмуш-тиричилик маселелерин көрсөтөт. Уламыш өткөн окуянын же бир фактынын болгон себептерин ачат, түшүндүрөт.	
Айтыш өнөрү	**Айтыш** - кыйла мезгилди кучагына алган, бизге белгисиз замандардан бери карай жашап келе жаткан жана эл арасында кеңири тараган жанр. Айтыш эки же андан көп адамдын катышуусу менен аткарылат. Мына ушундан эле эки кишинин бетме-бет чыкканын, бири-бирин жеңүү үчүн сынашканын байкайбыз. Айтыштын өзү негизи чечендикти сыноого байланыштуу чыккан. **Айтыш өнөрү** дегенде чечендикти, сөз тапкычтыкты, акыл-эстүүлүктү, көрөгөчтүктү, билгичтикти жана искусствого таандык ар кандай өнөрдү чеберчиликте жөндөмдүүлүк менен менен аткара билгенди түшүнөбүз.	
Төкмөчүлүк өнөр	Алдын ала даярдыксыз ар кандай көрүнүштөр жөнүндө оозеки ырдоо өнөрү. **Төкмөчүлүк** кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын бүткүл улуу мурасын жараткан. Бул өнөр ырчынын турмушту аңдап билүүсүнүн терендиги, ой жүгүртүү чабытынын, сөз байлыгынын ченемсиз кеңдиги, рухий толкундоосунун	

	бийиктиги менен тыгыз байланыштуу болгондо гана кеңири белгилүү чыгармалар жаралган. Көп төкмөлөр комуздун коштоосу менен ырдаса, айрымдары комуз жок эле ырдашкан.	
1. **2. ЭЛДИК КААДА-САЛТТАР, ЫРЫМ ЖӨРӨЛГӨЛӨР**		
Үй бүлөлүк каада -салттар	**Кыргыз элинин каада-салттары, үрп-адат, ырым-жырымдары кылымдан кылымга, укумдан тукумга уланып, сакталып келе жаткан улуттук маданияттын бир бөлүгү. Ата-бабабыздан калган улуттук салт-санаалар келечек муундарды татыктуу тарбиялоодогу эң негизги булак катары кызмат кылып, чыныгы инсандын ар тараптуу калыптанышына зор таасирин тийгизет. Адам баласын жарык дүйнөгө келгенден баштап, өмүрүнүн акырына чейин түрдүү салт-санаалар, ырым-жырымдар коштоп жүрөт. Адам үчүн таанып билүүчүлүк, таалим-тарбиялык маанигe ээ каада-салттар элдин, улуттун, дегеле адам баласынын көп жылдык тарых-тажрыйбасынын негизинде калыптанат. Кыргыз баласын коштоп жүргөн элдик каада-салттар белгилүү этаптардан турат.**	**Баланын төрөлүшү жана ага байланыштуу салттык жөрөлгөлөр** **Баланын төрөлүшү, баланы оозантуу, сүйүнчүлөө, көрүндүк, жентек, бешикке салуу, кыркын чыгаруу, баланын чачын алдыруу, тушоо кесүү, сүннөткө отургузуу, баланы атка мингизүү, энчилөө, энчи берүү, мүчөл жаш жылдар, түлөө өткөрүү** **Үйлөнүү үлпөтү жана ага байланыштуу салттык жөрөлгөлөр** **Куда, бел куда, бешик куда, кайчы куда, сөөк куда, жуучу түшүрүү, сөйкө салуу, күйөөлөө, кыз оюну, куржун сөгүү, жан быштык, сүт акы, нике кыйуу, отко киргизүү, түлөө өткөрүү** **Сөөк коюу салты (көзү өткөндөрдү жашыруу, ашын өткөрүү ж.б. ырым-жырымдар)** **сөөк коюу ырым-жырымдары – өлгөндүгү тууралуу кабар берүү – "кабар айтуу", угузуу, аза киймин кийүү – "кара кийүү", ыйлоо – "өкүрүү", конокторду тосуу жана жайгаштыруу – "конок алуу", өлгөндү жуу – "сөөк жуу", өлгөндү кепинге ороо –**

		“кепиндөө”, өлгөндү узатуу – “узатуу”, өлгөнгө куран окуу – “жаназа окуу”, «сөөктү койуу», «топурак салуу», аш берүү, жесирдин карасын алуу
Календардык ырым-жырымдар	**Нооруз -жаңырган жылды тосуу майрамы. Жазды тосуп келечек түшүмгө кам көрүү, тилек тилөө.** **Элдердин жашоосуна жаңы нерселердин келишин, алардын бактылуу жана бейпил жыл болоорунан үмүттөнүү. Элдер жаздын башталышын, жаратылыштын ойгонуусун майрамдашат.** **Түшүм майрамы эгин бастыруу менен байланышкан жана мифтик каармандарга – Бабадыйканга (жердин пири) арналган, ошондой эле салттуу сыйкырдуу буйруулар менен касиеттелген каада-салтка, ага байланышкан бардык колдонулуучу ырым-жырымдар менен Кадыр -акеге – кененчиликти, ийгиликти тартуулоочу, жакшылык ыроолочу жана боорукер элдердин, иштермандардын жана жолоочулардын колдоочусуна арналган.** **Майрам мусулмандардын айга байланышкан календары боюнча рамазан айынын 10нунда башталат.** **Курман айтта ар бир мусулман пендеси, Мухаммад илимин жактоочулукту символдоштурган, курмандыкка чалынган малдын этинен жасалган тамактан ооз тийиши керек. Майрам күнү жана андан кийинки 3-4 күн кыргыздар конокторду сыйлоо үчүн салттуу даамдарды бышырышат, конокко, туугандарыныкына барышат, аларга**	**Нооруз, Чеч Кор, Жер Суу таюу, Орозо айт, Курман айт, тулоо откоруу.**

	белектерди тартуулашат.	
1. 3. ЭЛДИК ОЮНДАР ЖАНА КӨҢҮЛ АЧУУ		
Ат оюндары	Узун аралыкта ат чабыш – кыргыз элдик спорттун эң жакшы көргөн жана негизги түрү. Кыз куумай – мурда үйлөнүү үлпөтүнүн каадасы болгон жаштардын белгилүү оюну. Бул – кызга жетип, аны бир өбүүгө жетишип калуу максаты менен кыз менен жигит, алардын курбулары катышкан ат чабыш. Атчандардын союлган эчкинин этин талашуусу. “Көк бөрү” деген “көк карышкыр” дегенди билдирет. Оюн, үйүр-үйүр малдар кышы жана жайы ачык асманда оттогондуктан, карышкырлар малга тез -тезден кол салып, көп кырсыктарды алып келген убактарда пайда болгон.	Кок бору, Ат чабыш, Жорго салыш, Кыз куумай, Кунан чабыш, Тыйын энмей, Эр эниш, Оодарыш, Жамбы атмай
Чүкө оюндары	Катышуучулар диаметри 3-5 см. келген тегерек чийип алат. Ортосуна чүкөлөрдү жайгаштырат. Саканы атуу менен оюндун кезегин аныкталат. 1 м. аралыкта тегеректин эки жагынан атуучу сызык сызылат. Эгерде биринчи жолу атканда чүкө оңунан түшүп сызыктан уруп түшүрүлсө, анда калган атуулар тегеректин сызыгынан баштап атылат. Эгерде атканда жакшы тийбесе, оюндун жүрүшү кийинки оюнчуга өтөт. Ким көп чүкө атып алса, ошол жеңүүчү болот. Бул чүкөлөр менен ойноочу илгерки оюн. Бул оюнду чоң той, аштарда ойношкон, айыл-айыл же уруу-уруу болуп мелдештерди да уюштурушкан. Оюнду өткөрүү тууралуу алдын ала сүйлөшүп алышкан: кайсы жерде өткөрүлөт, канча катышуучу, кандай сыйлыктар	Ордо, Упай, Кан таламай, Чуко атмай, Окчомой, Канымдат,

болот. Оюнчулардын саны ар бир топто 25 кишиден болуп 50гө чейин жеткен.

Оюнга 2 калыс (ар бир топтон бирден) жана чүкөлөрдү чогултуучунун милдетин аткарган 3 киши калыстык кылган. Оюн 3 же андан көп күн узарып кете берген. Түз жерге тегерек чийилип алынат. Тегеректин борборунан бир жак бетинин аралыгы 35 таманды түзсө, экинчи жак да ошончо болгон.

Тегеректин борбору – ордодо чакан чуңкур казып алып ага күмүштөн, жезден же сөөктөн жасалган тыйынды – ханды салышкан. Аны тегерете ар бир катышуучуга 5тен чүкө, бого жактан 249 чүкө коюп чыгышкан. Кимдин чүкөсү айкүр турса, ошол биринчи баштаган. Эгерде оюнчу атканда чүкөсү оңунан түшүп тегеректен чыкса, анда ал оюнду андан ары улантат. Калыстар аралыктарын ченеп чыгышат. Дасыккан оюнчу 20-30 чейин чүкө утуп ала алат. Ордодо төмөнкүдөй оюнчулар бар: кадамачы – сызыкка согончогун коюп туруп, кичине бүгүлүп чүкө атуучу, торукмачы – сол бутун сызыкка коюп, сол жакка атуучу, атмакчы – ордо бузучу – туруп атуучу жана чертмекчи – отуруп алып тизеден атуучу оюнчулар. Бир күндө 5ке чейин оюндарды өткөрөт. Азыркы убакта ордо спорттун улуттук түрү болуп эсептелет. 1952-жылдан баштап спорттун улуттук түрүнүн программасына жана Жалпы республикалык жиктөө тизмесине киргизилген. Республикалык биринчиликтер өткөрүлүп турат.

Койдун чүкөлөрү менен ойнолуучу оюндар. Оюндун маңызы – ар бир топ (экөө болот) ордону бузуп, ханды жан жөөкөрлөрү менен алып кете алуусунда турат.

Мелдештер	**Жорголорду спорттук узун аралыктарга чабуу.** **Бүркүт же шумкар менен карышкырлар менен түлкүлөргө, коёндор менен кыргоолдорго аң уулоо – спорттун салттуу улуттук түрү.** **Бул оюнда эки атчан бир бирин аттан оодарып түшүүгө аракет жасашат.** **Ат чаап баратып жаадан жебени атуу. Бүгүнкү күндө узун жипти байлап, ага кандайдыр бир темирдин уюткусун илип алып курал менен атышат.** **Күчтүүлөр күрөшү. Кыргыздын балабандар мелдешинин өзгөчөлүгү – бардык күрөштөр күрөштөрдү чечмелеп түшүндүрүп, күрөшүүчүлөрдүн күчүн, кайраттуулугун даңазалаган комузчулардын коштоосунда.** **Баатырлардын найза менен салгылашуусу. Оюндун маңызы болуп атчандардын талаага чыгып, атты катуу чаап бара жаткан боюнча найзанын өтпөгөн учу менен теңтайлашуучуну ээрден алып түшүү саналат.** **Тыйынды жерден алуу. Бул оюндун мааниси атчан атты катуу чаап бара жаткан боюнча жерде жаткан тыйынды илип кетүүсүндө камтылган.**	**Күрөш,** **Аркан тартмай,** **Оодарыш,** **Эңиш,**
Көңүл ачуу оюндары		**Ак терек- көк терек,** **Жашынмак,** **Ак чөлмөк,** **Жоолук таштамай,** **Дүмпүлдөк,** **Беш таш, Шакек (томук) жашырмай,**

Бул оюндун илгерки аталышы “Эл чабар” деп аталат. Кыргыздардын илгертеден кабар берүү жолу бар болгон. Анда чабарман (кабар таркатуучу) айылдан айылга ат менен чаап элге кабар таркаткан. Бул 10 жана андан да көбүрөөк балдардан турган топтук оюн.

Оюндун катышуучулары 20-30 метрдеги аралыкта кол кармашып бир катарга тизилип алышат да «Ак терек – көк терек – бизден сизге ким керек» деп чоогуу кыйкырып айтышат. Тандалып алынган оюнчу өзүнө чынжырды үзүп салууну максат коюп тырышып карама каршы тарапка чуркайт.

Үстөлдө ойнолуучу интеллектуалдык оюн. Шахмат тактайына окшогон тактайча сызылып алынат. 9 даанадан эки башка түскө боёлгон 8 топчо алынат. Оюндун максаты болуп тегеректин ортосундагы дабан деп аталган төртбурчтукту басып алуу саналат.

Оюндун катышуучулары эки топко бөлүнөт. 50х100 метр өлчөмүндөгү аянтчанын эки жак башына мара – сызыкчалар белгиленет. Чучукулак боюнча аянтчадан орун ала турган уруучу топ дайындалат. Топ берүүчү тандалып алынат. Топту малдын жүнүнөн тоголоктоп жасап алышат. Андан кийин топ уруучулардын кезектешүүсү такталып алынат. Топту уруучу оюнчу марага чыгып, колуна бир метрлик узундуктагы таякты алып жогору карай ыргытылган топту урат. Мүмкүн болушунча катуу ургандан кийин ал карама-каршы марага чейин жүгүрүп жетиши керек. Андан кийин оюнчулар алмаштырылат.

Бул көңүл ачуучу оюндар салтанаттар учурунда же жөн эле бош убактыларда өткөрүлчү. Чакан үстөл орнотулуп, үстөлдүн

Токту сурамай,

Көз таңмай

	үстүнө шарнир менен бекитилген тик турган таякчага буту жана башы … жыгачтан оюп алынган улактын келбети орнотулган.	
Акыл оюндары	**Бул түндө ойнолуучу оюндардын бири. Бул оюнда айлуу жарык түндө оюнду алып баруучу белгисиз тарапка ыргыткан ак жоолукту же ак таякчаны издеп табуу керек.**	**Тогуз коргоол (тогуз кумалак),** **Ордо.**
1. **4. ЭЛДИК МУЗЫКА ЖАНА АТКАРУУЧУЛУК ӨНӨР**		
Күү	**Кыргыз эли өзүнүн башынан өткөргөн жашоо-турмушун, кайгы -кубанычын жана өткөн жолун жазмасыз эле оозеки түрүндө, музыкалык аспаптар-дын коштоосунда, муундан-муунга өткөрүп баяндап келе жатат. Чоор, сурнай, керней, добулбас сыяктуу музыкалык аспаптарды тээ байыркы замандан бери эле пайдаланылып келсе, кийин комуздун добушу менен бүткүл жашоо тиричилигин, жан дүйнөсүн музыкага айлантып, айлана-чөйрөнүн кооздугу менен жаратылыштын сулуулугун көркөмдөп, далай дастандарды жаратты. Эпостордун жаралышын, каада-салт менен үрп-адатты, жүрүм-турумду сүрөттөгөн насаат ырлары, сүйүү менен сезимди даңазалаган лирикалык ырлар, бүткөн бойго бүлүк салып, жүрөк титиреткен күүлөр кыргыз элинин му-зыкага шыктуу эл экендигин ырастап отурат.** **Комуз, кыл кыяк музыкасындагы эң байыркы жанрларынын бири – эпостук күүлөр. Булардын чыгышына дастандардын элге кеңири белгилүү обондору, кызыктуу окуялары соолбос булак катары кызмат кылат. Залкар комузчулар, кыл**	**Комуз күүлөрү (“Камбаркан”, “Ботой”, “Кара өзгөй” ж.б.)** **Чоор күүлөрү (“Ак куу”, “Улардын учушу”, “Эки күү”, “Чоор күү” ж.б.)** **Темир комуз күүлөрү (“Күйгөн”, “Секетпай”, “Күңөтай”, “Кыздын арманы”, “Эсте секет” ж.б.)** **Жыгач ооз комуз күүлөрү (“Жайлоодо”, “Күкүк”, “Боз үйдө”, “Кыз куумай” ж.б.)** **Кыл кыяк күүлөрү (“Ураан”, “Кайра качпа”, “Байге”, “Топ жылкы” ж.б.)** **Сурнай күүлөрү (“Кер өзөн”, “Жайкама”, “Кербен күү”, “Сурнай күү” ж.б.)**

	кыякчылар “Манасты” жана кенже дастандарды терең берилүү, өткөрө эргүү менен угушкан. Ошону менен алардын обондорун иштеп чыгып, классикалык күүлөргө салышкан.	
Ырчылык	Ырчы – калың калктын жан шериги. Ал ар кыл теманы да элден алып, элге берген. Ырчылардын негизги чыгармачылыгында өз калкынын басып өткөн жолу, жашап жаткан доорундагы күндөлүк турмушу, эл-жерди сүйүүсү, кайгы-капасы, эрдиги, өкүнүчү, кубанычы, келечекке үмүттөнүүсү, эркиндикке, теңдикке умтулуусу, тарыхы баяндалган. Ырчылар калк арасында өзгөчө урмат, айрыкча сүймончүлүк менен кадырланган жана артыкча бааланган. Ушундан улам алардын ысымдары угуучулардын арасында ооздон-оозго көчүп, уламышка айланган. Ал эми чыгармалары кийинки муундар тарабынан атадан калган керээздей, энеден калган мурастай урмат менен аткарылган. Ал эми 13-14-кылымдагы айтылуу ырчылар Кет Бука, Жээренче чечен, Токтогул ырчынын ысымдары эл ичинде уламышка айланган.	Асан Кайгы, Кет Бука, Жээренче Чечен, Токтогул ырчы, Арстанбек Чоңду, Айтике, Чөжө, Эсенаман, Балык, Найманбай, Калмырза, Жеңижок, Эшмамбет, Тоголок Молдо, Токтогул Сатылганов, Барпы Алыкулов, Калык Акиев ж.б.
Аспаптык музыка	Кыргыз музыка маданиятынын эң байыркы эсте-ликтеринин бири – аспаптар. Алар: үйлөмө чоор, сурнай, сыбызгы, керней (бир түрү – мүйүз керней), жезнай, чымылдак; урма добулбас, доол, дап, добул, нагыра, чилдирман, кабак, кылдуу чертме комуз, тартма кылдуу кыл кыяк, наама, тилдүү какма темир комуз жана анын бир түрү жыгач ооз комуз. Булардан башка да дилдирек, аса-муса, шалдырак, аса таяк, коңгуроо, жылаажын, жекесан, зуулдак, жалбырак, чыңырткы, бапылдак, ышкырык, чымылдак ж.б. музыкалык аспаптар болгон. Аталган аспаптардын	Салттуу кыргыз музыкалык аспаптарын шарт-туу түрдө төрт топко бөлүүгө болот: 1. Кылдуу аспаптар (комуз, кыл кыяк) 2. Үйлөмө аспаптар (чоор, чопо чоор, сыбызгы, сурнай, керней) 3. Урма аспаптар (добулбас, доол) 4. Какма аспаптар (ооз комуз, жыгач ооз комуз)

бардыгы эле элдик музыканын өнүгүшү үчүн бирдей даражада байытуучу маанигe ээ болгон эмес. Анткени алардын көркөм сүрөттөө мүмкүнчүлүктөрү да ар кандай болгон. Көптөгөн кылымдар бою айрым музыкалык аспаптардын таралыш масштабы да, тагдыры да өзгөрүп турган. Өткөндө алар тиричи-ликтин ажырагыс бөлүгү болуп келсе, ал эми кийинчерээк сейректеп же болбосо такыр пайланауудан чыгып калган. Жогоруда белгилеп кеткендей, ар кандай доорлордо жашаган элдик эпостордо, уламыш-тарда, орто кылымдын музыка иликтөөчүлөрүнүн илимий эмгектеринде, саякатчылардын макалаларында элдик музыкалык аспаптарыбыз жөнүндө баалуу маалыматтар жолугат. Аспаптарда аткарылган чыгармалар элибиздин жашоо-тумуштары менен тыгыз байланыштуу. Аспаптын жасалышы, чыгар-манын ойнолушу сөзсүз калкка таандык улуттук белгилерди, мүнөздөрдү чагылдырат. Мис., кыргыз элинин музыкалык аспаптарынын көпчүлүгүнүн до-буштары жай, назик келип, чакан чөйрөгө, боз үйдө отуруп угууга ылайыкталган, о. эле аспаптардын жа-салышы, ага пайдаланылган материал да күндөлүк жашоо-турмушубуз менен үндөшкөн.

Кыргыз эли эзелтен колдонуп, пайдаланып келген музыкалык аспаптар, анын турмуш-тиричилиги, салт-санаасы менен тыгыз байланышта болгону жалпыга белгилүү. Ал аспаптардын сырткы түзүлүшүнө, жалпы көрүнүштөрүнө элибиздин социалдык, чарбалык карым-катышы, улуттук бөтөнчөлүгү, эстети-калык, философиялык көз карашы, көркөм өнөрдү баалай билүүсү өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Ошондуктан аспап

	(анын түзүлүшү, техникалык-акустикалык өзгөчөлүгү, күндөлүк турмушта колдонулушу) өткөн замандын оозеки салттагы музыкасына баа берүүдө, анын тарыхый өзгөчөлүктөрүн туура түшүндүрүүдө бөтөнчө маанигe ээ. Себеби аспаптын өзү же анын калдыктары (археологиялык эстеликтерде, сүрөт-чиймелерде, кол жазмаларда, эскерүүлөрдө болсун) көптөгөн кылымдар бою жашап келе жаткан оозеки салттагы элдик музыканын колго кармалчу, көзгө көрүнгөн бирден-бир күбөсү.	
Айтыш	Айтыш- Кыргыз элинин оозеки элдик чыгармачылыгынын жанры. Анын негизин поэзиянын оозеки импровизациясы “төкмө” түзөт жана ал кыргыз фольклорунун ядросу болуп эсептелет. Элдик импровизатор-акындардын чыгармачылыгы кыргыздардын вокалдык музыкасынын өзгөчө пластына кирет.	Алымсабак, чечендик айтыш, акыйнек, жөө сыноо, табышмак, кайнама, сурооожоп, уламыш-айтыш.
1. **5. САЛТТУУ БИЛИМДЕР**		
Элдик медицинага байланыштуу билимдер	Кыргыздардын ишенимдери боюнча ата -бабанын арбактары тируулорду дайыма жамандыктан, кырсыктан колдоп журушот. Сымбаттоо (косметология),	
Мал дарыгерлик		
Астрономиялык билимдер	Тенир атага сыйынуу (кыргыздардын руханий диний системасы). Жайчылык.	
Тамак-аш билимдер	Жаратылыштын кубулуштарына сыйынуу: отко,	

	булактарга, дарактарга, таштарга, жаныбарларга.	
Жаратылышка байланыштуу билимдер	Киндик эне, эмчи, домчу, канчы, бубу, бакшы, айтымчы, корогоч, тамырчы, сыныкчы, укалоочу, дарымчы (чоп), куучу, таш толгочу (41 таш), далычы, кузгучу, дубана, буркучу, сунотчу.	
Сыныкчы, саяпкер		
Санжыра	Кыргыз элинин пайда болушу (этногенез) жонундо ооз эки элдик маалыматтар.	
Жаныбарларды таптоодогуу билимдер (ветеринария)		
Малчылык	Мал багуу технологиясы (багуу, семиртуу), жайыт тандоо,	
“Устат-шакирт” – салттык онордун турлорун муундан муунга откоруп беруу жана таркатуу ыкмалары	Виды: узчулук жана устачылык, музыкалык онордун турлору	
Салттуу тиричилигине байланыштуу билимдер же жаматтын чогуу жашоосунун билимдери жана усулдарынын сакталышы	Ашар, курултай, достошуу, аскердик тутум, аксакалдар кенеши,	
Каада-укуктук билимдери		
1. **6. Улуттук оймо чиймелер**		
Оймо-чиймелер	Оймо-чиймелер улуттук кийим-кечелерден тартып, кол өнөрчүлүктүн дээрлик баардык түрүндө кеңири колдонулат.Эзелтен эл ичинен чыккан мыкты чеберлер, айтылуу уздар, зергерлер өздөрүнүн учкул	

кыялдарын, терең ой чабытын, үмүт тилегин, ата журтунун ажайып кооздугун түмөн-түркүн оюуларга айландырып келишкен. Ал оюм-чийимдер канчалаган кылымдарды карытып, ар кандай өзгөрүүлөргө дуушар болуп, өнүгүп-өсүп отуруп биздин күнгө чейин жетти. Канчалары мезгил сынына туруштук бере албай унутта калды. Чындыгында эле, байыркы кыргыз эли сайма, көчөттөгү оюм-чийим белгилеринин жардамында түрдүү маалыматтарды туюндуруп келишкен. Мындай оюм-чийимдер, символдор элдин бай маданиятынан, көөнө дүйнө таанымынан, мифологиялык ой-жорумдарынан кабар берип турат. Байыркы ата-бабаларыбыздын жогоруда айтылган оймо-чиймелердин жардамында эмнени туюндургусу келгенин, эмне деген маалыматтарды кабарлагысы келгендигин мына ушул белгилердин негизинде биле алабыз. Себеби, буюмга түшүрүлгөн оюм -чийимдер жөн гана кооздук үчүн жаратылган белгилер эмес, аларды символдор, маалыматтардын топтому деп кабыл алууга болот.

Кыргыз элинин улуттук оюм-чийимдеринин эң түпкү үлгүлөрүн – байыркы кол өнөрчүлүккө байланышкан буюмдардын беттеринен көрө алабыз. Аларга ала кийиз, шырдак, туш кийиз жасаган уздар, саймачылар, оймочулар жана катуу буюмдарга кооздук келтирген кара уста (темирчи), зергерчи (күмүш уста), ат жабдыктарынын чебери (өрүмчү, кайыкчы), жыгаччы (ээрчи, түндүкчү, уук-кереге матоочу) тери (көн, шири) буюмдарынын чебери кирет. Аземдүү жыгач буюмдарга: түндүк, кереге, уук, каалга, бакан, үкөк, бешик, чыгырык, серүү (жагдан), жүк такта, ээр ж.б. оюмдар түшүрүлгөн.

Кыргыз кол өнөрчүлүгүндө кездешкен оюм-чийимдер элдик көркөм өнөрдүн эң байыркы түрү болуп саналат. Ал бир гана кыргыз элинин эле эмес байыркы көөнө түрк элдеринин улуу маданиятын сактап калган белгилердин бири. Себеби, элдик кол өнөрчүлүктүн түрлөрүнүн ичинен эң эле байыркысы да саймачылык, зергерчилик, узчулук болуп саналат. Дүйнө элдеринин бардыгында эле маданий мурас катары учуроочу оюм-чийим өнөрү ар бир элдердин жеке өзгөчөлүгүнө жараша өнүгүп-өсөт. Бекерден, оюм-чийимдерди изилдеген белгилүү окумуштуу академик Б.А.Рыбаков оюм-чийимдерди – маданияттын белгилүү бир коду, маалыматы деп эсептебесе керек. Ал анын түпкү маанисин, семантикасын изилдөөгө чакырат. Анын ою боюнча, оюм-чийимдер жөн эле кооздук үчүн жаратылган жеңил-желпи сүрөттөр эмес, анда ошол элдин миңдеген жылдар бою калыптанган дүйнө таанымы, көз караштарынын өзөктөрү жатат. Демек, алгачкы оюм-чийимдердин функциясы бир гана эстетикалык ырахат тартуулоо менен чектелген эмес. Анда, ар кыл маалыматтар, мифологиялык түшүнүктөр камтылган.

Таш бетиндеги сүрөт жазмаларыбыз өткөн тарыхыбызды, басып өткөн жолубузду кандай чагылдыра алса, оюм-чийимдердин туюндурган мааниси да, аткарган кызматы да ошончолук терең. Мындан оюм-чийимдердин жаралуу башаты таш бетиндеги сүрөт жазмаларга барып такаларын билсек болот. Таш бетиндеги сүрөт жазмаларыыбызда даанышмандыктын, акылмандыктын символу катары тоо текени, аркарды эсептеп келишкен. Ушул эле белги кол өнөрчүлүктөгү оюм-

	чийимдерде да кеңири орун алат.	
1. **7. САЛТУУ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК**		
Боз үйүн жасоонун салттуу билимдери жана ыкмалары (Боз үй)	Боз үй- көчмөн жана жарым көчмөн кыргыздардын салттуу турак-жайы болгон. Көптөгөн кылымдар бою пайдаланылып келе жаткан бул турак-жай улам жакшыртылып келген. Боз үй ылдам тигилет жана чечилет, ташууга жеңил жана ыңгайлуу. Бир жерден экинчи жерге көчкөндө анын жыгач конструкциялары (ууктары, керегелери жана босого-таяк, эшиктери), кийиздери (үзүктөрү жана туурдуктары), чийлери төөлөргө, аттарга, өгүз жана топоздорго жүктөлгөн. Боз үй жыгачтан (талдан) жана кийизден жасалып, формасы тегерек болот. Функционалдык жактан боз үй аял жагы-эпчи жак жана эркек жагы-эр жак болуп экиге бөлүнөт. Боз үй сырт жагынан ак кийизден жасалган, атайын үзүк жна туурдук менен жабылат. Алар жазы боолор менен бир канча жеринен бастырылып бекитилет, ич жагы чырмалган чий, килемдер, саймалар менен жасалгаланып, ат жана аскер жабдыктары илинет.	Ак өргөө, Ак ордо, Конок үй, Кураштырма үй, Жолум үй, Тул салган үй, Ашкана, Жылкычылардын үйү, Кара үй, Тегирмек
Кийизчилик	Элдик кол өнөрчүлүктүн өнүккөн бир түрү кийиз буюмдары менен тыгыз байланыштуу. Мал чарбачылыкка көбүрөөк ыктаган көп кылымдык көчмөндүк турмушунда кыргыз кыз-келиндери кийизге байланыштуу кол өнөрчүлүктү чеберчиликтин бийик деңгээлине чейин көтөрө алышкан. Кийизди чебер пайдалануунун натыйжасында кыргыз уздары оюу чиймелерге бай ала кийиз, шырдак, жабык баш, аяк кап	Кийиз, Ала кийиз, Шырдак, боз уйдун кийиз тетиктери, жип- шуу, (шоона, жээк, аркан эшуу, боо-чуу).

	өңдүү буюмдарды урунуп келишкен. Уздар жана зергерлер өзүн курчап турган жаратылышты, өсүмдүктөр дүйнөсүн, айбанаттарды жана көчмөндүү турмушту көркөм оюмда чагылдырышкан. Доорлордун мезгил сынынан өтүп, журтчулукка кеңири тараган оюм-чийиминин негизги түрлөрүнө: "Мүйүз ("сыңар мүйүз", "кош мүйүз", "кочкор мүйүз", "бугу мүйүз", "кулжа мүйүз",) "жагалмай канат", "жүрөкчө", "бармак боочу", "бычак учу", "карга тырмак" жана "кыял", "ит куйрук", "бадам" өңдүүлөр кирген. Кийиз жасоо үчүн чеберлер кылчыктуу кузгү жүндү тандашат. Уютулуучу жүн кыска болушу зарыл. Узунун кырчып-кырчып кыскартат. Талпакта аябай сабалган жүндү чийдин үстүнө белгилүү өлчөмдөгү калыңдыкта тарамдап жаят. Кайнак сууну текши сээп таштап, чий менен орой турат. Дагы кайнак сууну текши сээп, аркан -жип менен аябай чырмап таңат да, бир топ адам тепкилейт. Чийдин арасынан жүн үксүйүп чыга баштаганда гана кийизди тепкилөөнү токтотуу керек. Демек, кирген кийизди чийден алып, ага кайрадан ысык суу сээп, үч-төрт адам катар чөгөлөй отуруп, кайта-кайта имере тоголоктоп билектейт. Кийизди колдо ийлеп, ийине келтирүү "кийиз басуу" деп аталат.	
Чырмакчылык	**Ак чийди бирден талдап, ага ар кандай кооз оюм түрлөрүн кештелөөчү ыкманы "чырмак" дешип, андай өнөргө аттанп түшкөн уздарды журтчулук "чырмакчы" аташкан. Демек , чий затынын көркөмдүк ыроологон түрүн "чырмакчылык" дейбиз.** **Чырмак деле негизинен эзелтен берки элдик мүнөзгө эгедер, төтөн, кийизчиликте колдонулуп келинген оюмдун түрлөрү түшөт. Бирок, оюм чийге**	**Канат чий, ашкана чий (чыгдан), эшик чий, чыны кап ж.б.**

	сындрылып түшүрүлөт . Андайларга: “кош мүйүз”, “кочкор мүйүз”, “сыңар мүйүз”, “туура мүйүз”, “каркыра”, “куш канат”, “жагалмай”, “тогуз төбө”, “кырк шак”, “табак оюм”, “бадам”, ошондой эле “кереге көз”, “ала мойнок”, “комуз тили”, “килем көчөт”, “сайма көчөт” жана башкалар түшөт.	
Өрмөкчүлүк	**Өрмөк согуу** (*өрмөкчүлүк*) – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Кыргыздын көркөм кол өнөрчүлүгүндө чыйратылган жиптен таар буюмун жасоо “**өрмөк согуу**” деп аталат. Согулган таардын эн жөнөкөй түрүн кара таар дейт. Бул эришине аркак жипти жүгүртүү менен эле жүзөгө ашат. Буюмдун кооз көрүнүшү жүгүртүлгөн жиптин түрүнүн күзүктөлүшүнө да байланышат. Өрмөкчүлүк менен бүткөн буюмдардын көлөмдүүсүнө жерге төшөлүүчү “Шалча” кирет. Таар терилип да, терилбей да согулат. Анын көркөм түрүнүн бири “терме” (“кара терме”) деп аталат. Өрмөк согуунун “аркагы” бирдей эле чыйратылган жип болот. Тытылган жүндүн үч төрт түйдөгү бир ийик келет да, жип чыйртылып, чий менен челденип, анан илгичтүү түймөк кылып, аны боз үйдүн кереге башына илип коюшчу. Таар орнаменттери да (көчөттөрү) килемчиликтей эле баамдалат. Ошентсе да “баргекче”, “казан кулак”, “калем кап”, “кырк мойнок”, “бычак учу”, “бачайы көчөт”, “алтымыш жиптүү ай көчөт”, “токсон жиптүү тор көчөт” жана башка көчөттөрү кеңири пайдаланылып келүүдө. Буга “тай туяк” оюму түшөт да, ачык сары, көк өң менен катары четине “бычак учу” түшөт. Анан “араа тиш” аркылуу кооздолушу мүмкүн.	Өрмөктүн түрлөрү: “**тегирич**”, “**уук тизгич**”, “**кереге чалгыч**”, “**үзүк боо**”, “**туурдук боо**”, “**желбоо**”, “**кереге таңгыч**”, “**сакак таңгыч өңдүүлөр менен катар “кап**”, “**куржун**”, “**ат жабуу**”, “**такта жабуу**”, “**ээрге салгыч**”, “**баштык**”, “**шалча**”, “**таар**” жана кийим-кечелери бүткөрүлгөн.

Саймачылык	**Саймачылыктын санжыргалуу салты, абалы бизде боз үйдүн ичи-сыртын кооздоодо жаралган деп айтабыз. Маселен, саймачылык аркылуу боз үйдүн "эшик тышы" кооздолгон. "Ашкана башын" саймалоо – кештелөө жеринен элибизде адатка айланган. Көңүлдүү дароо кылтактагандай үй жасалгасы уздун кимдигин даан аныктаган. Жүк жыюуда тактанын үстүндө ала кийизден кийин "алты кат" коюп, анан жуукандарды кертимдөө илгертеден берки кыргыздын салты болгон.**	**Туш кийиз, кеп такыя, элечек, белдемчи, аяк кап, күзгү кап, самын кап, жаздыктар, үстөл жапкычтар ж.б.** **Сайманын түрлөрү: чыраш, секиртме, жормо, басма, коптурмо, илме дос, карга тырмак, ит куйрук, ж.б.**
Куракчылык	**Илгертеден калган жасалга өнөрү. Ал ата-бабадан калган салт. Көркөм кол өнөрчүлүктө үнөмдүүлүктү сактоонун негизги шарты. Илгертеден курак ыкмасы менен кооздолгон жана өтө кылдаттык менен пайдаланылган буюмдарга кадимкидей колдонмо жасалга үлгүлөрү кирген.** **Курак кыздардын себинин негизин түзөт.**	**Жуукан, төшөк, жаздык, көшөгө, табак кап, күзгү кап, кашык кап, чай туткуч, текче, дасторкон, ат жасалгалары өндүү буюмдарды жасашкан.** **Курактын түрлөрү: табакча, каттама курак, чий курак, жылдыз курак, мүйүз курак ж.б.**
Улуттук кийимдер	**Элдик кийим-кечелер көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Элибиздин кийимдери үлгүгө бай. Анын чебер тигилиши, асемделген кооздугу эзелтеден эле даңаза болуп келе жатат. Ал тууралуу маалыматтар жазма адабияттарда сейрек кездешкени менен элдик оозеки чыгармачылыкта ачык айтылат. Элдик казынанын ыйык мурасы катары бизге келип жеткен кыргыз элинин баатырдык эпосторунда бул кийимдердин ар кандай түрлөрү жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө ойдогудай маалыматтар бар.**	**Эркетердин улуттук колориттеги кийимдери: ак калпак, тебетей, тон, ичик, кементай, чепкен, кемсел, күрмө, бешмант, шым, көк жеке өтүк.** **Аялдардын улуттук кийимдери: элечек, шөкүлө, тебетей, такыя топу, кемсел, чыптама, белдемчи, кош этектүү көйнөк, өтүк.**
Зергерчилик	**Асыл металдардан (күмүш, нейзильбер, мельхиор, дат чалбас, жез, мис, коло, калай,**	**Желбирөөч, сөйкө, шакек, билерик, тумар, чачпак,**

	кара темир жана башкалардан) кооз буюмдарды жасоочулук. Элибизде күмүш кармоочулук илгертеден бери келе жаткан устакерчиликтин асыл түрү. Узануунун бирден-бир элдик наркы күмүш иштетүүчүлүк.	топчу, төөнөгүч, ийне, кемер кур
Жыгаччылык	Жыгач усталык кыргыздарда илгертен күчтүү өнүккөн деп айтууга толук негиз бар. Буга кыргыздын кол өнөрчүлүгүнүн бийик үлгүсү болгон боз үйдүн, комуздун жасалышын мисалга тартуу эле жетиштүү далил болуп берет. Ошондой эле жасалган ээрлери, үкөк, сандыгы, бешиктери аркылуу бүткүл кыргыз журтуна далайга даңаза болгон мыкты кыргыз усталары болгон.	Жыгач усталар көбүрөөк ыктап жасаган иши, жөндөмүнө карай уук-керегечи, түндүкчү, ээрчи, тактачы, кырмачы, бешик уста, комуз уста деп бөлүнүшкөн.
Мүйүзчүлүк	Элдик кол өнөрчүлүктүн бир түрү, зергерчиликтин жердиги. Көркөм буюмдарды кармоонун түбөлүктүү материалы. Мүйүз иштетүүдө үй айбандарынын – уйдун, топоздун, кой-эчкилердин, кайберендердин, тоо текенин, кулжанын, бугунун, эликтин мүйүздөрү пайдаланылат.	Зер буюмдары: сөйкө, шакек, билерик; тарак, чакча, мүйүз оймок, топчу ж.б.
Ат жабдыктары	Ээр токум, ээр турман, (ат токулгасы) – атка токуп минип кетүүгө керектүү буюмдардын жана шаймандардын жалпы аталышы. Ат жабдыктарындагы буюм-тайымдардын ар биринин өзүнчө аткара турган милдеттери бар. Жасалышы жана сандырасы жагынан эркектердин ат жабдыгы, аялдардын ат жабдыгы деп айырмаланат. Аларды чебердеп, көркөмдөп жасоо жана урунуу элибиздин маданий-материалдык турмуш-тиричилигине жараша болот. Көчмөндүү турмушта уюткулуу журтчулук зергерчиликтин күчү менен ат жабдыктарын укмуштай сынпоштого жана шөкөттөгөн. Ат жабдыктарын көз тайгылткан даана кооздугу жана нарктуусу	Ага: ээр, үзөңгү, канчыга, жүгөн, нокто, чылбыр, көмөлдүрүк, басмайыл, чап олоң, куюшкан, желдик, тердик, ичмектен сырткары көрпөчө, ат жабуу, үртүк, камчы кирет.

	күйөөгө узатуучу кыздын аттанаар атын токууда бөтөнчө көрүнгөн.	
Теричилик	**Малдын териси көчмөндүү элдин турмуш-тиричилигинде чечкиндүү ролду ойногондугу өзүнөн-өзү белгилүү. "Тогуз катар торкодон, токту акемдин түгү өтөт" – деген калк накылы тегин жерден чыкпаган. Жалаң гана териден жасалган кийим кечектердин түрлөрүн санасак анда ондон ашат. Мисалы: тон, ичик, күрмө, чыптама (өпкө кап), тебетей, малакай, тумак, шым, кепич, маасы, кол кап, мөкү, анан бүркүткө томого өңдүүлөрдөй эле буюм-идиштер: жагдан, көнөк, көөкөр, көнөчөк, сабаа, чанач, супура, тулуп, чыны кап сыяктуулар сынбай-бүлүнбөй урунууга ченебегендей нап берген. Ал эми ат жабдыктарына да малдын териси бирден бир жердик экендигин мурунтан баяндап кеткенбиз, кайышты тилүү, терини каптоо, булгары каюу, ага оюм түшүрүү жана өрмө өңдүү саналган өнөрү аркылуу тери буюмдарын жүзөгө ашырган чеберлердин жөрөлгөлөрүн жазбай улаган адамдар азыр да бар. Тери "түктүү" жана "түксүз" (жаргагы) делинип, экиге бөлүнөт. Терини иштетүүдө "ашатуу", "ийлөө", "жибитүү", "бордоо", "боо" жана "ыштоо" жана башка ушул өңдөнгөн түркүн ыкмаларын аткаруу менен ар кандай элдик буюмдар жасалат. Тери буюмдарын бычуу-жасоо да күндөлүк турмуш- жашоо шартка байланышкан.**	**Ат жабдыктары (тердик, көмөлдүрүк, куюшкан), көөкөр, көнөчөк, көнөк, сабаа, чанач, челек ж.б.**
Таш иштетүү	**Элдик кол өнөрчүлүктүн түбөлүктүү жердиги. Алардын негиздүүлөрү мрамор жана гранит болуп саналат. Элибиздин күндөлүк жашоосунда таштан ар кандай буюндарды жасоо да учурунда**	**Жаргылчак, моло таш, тегирмен, жип ийрүүчү ийиктин башы, кайрак, булоо таш ж.б.**

	белгилүү өлчөмдө өнүккөн.	
Сөөк иштетүү	**Зергерчиликтин жердиги. Сөөк иштетүүдө үй айбандарынын – уйдун, топоздун, кой-эчкилердин, кайберендердин, тоо текенин, кулжанын, бугунун, эликтин, төөнүн сөөктөрү пайдаланылат.**	**Тарак, шимек, шибеге, топчу, бычак сап, сөөк желбирөөч**
Темир иштетүү	**Элдик кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Темир, жез, музыкалык аспаптар, идиш-аяк, ат жабдыктары,**	

БАЙЛАНЫШ

720026, г.Бишкек, ул. Пушкина, 78Факс:
+996 (312) 623-589

+996 (312) 620-482, +996 (312) 663-916

© 2014 МИНИСТЕРСТВО КУЛЬТУРЫ, ИНФОРМАЦИИ И ТУРИЗМА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ.

САЙТ СОЗДАН ОО «ИНТЕРНЕТ ДВИЖЕНИЕ»

Кыргыз Инфо - **Кыргыз**. Кыргызча китептер, ырлар, каада-салттар, эпостор, жомоктор, акыл-насааттар, учкул сөздөр жана макал-лакаптар Кыргыз Инфо сайтында.

КЫРГЫЗ БУЮМДАРЫ. Боз үй, Туш кийиз, Камчы

КЫРГЫЗ БУЮМДАРЫ.



Боз үй

Боз үй. Боз үй көчмөн элдердин биргелешкен акыл-оюнан жаралган, жеңил десең жеңил, чечкенге, тиккенге оңой, жайында салкын, кышында жылуу, жөнөкөй, улуу эстелиги, ыйык куту жана кол өнөрчүлүгүнүн туу чокусу.

Боз үйдүн ичинен төбөңдү карасаң, түндүгүнөн көк асманды, күндүз күндү, түнү айды көрөсүң. Сыртка чыксаң, кең дүйнө шарт ачылат. Чагылгандын чартылдаганын, шамалдын улуганын, дарыянын шоокумун, куштардын сайраганын даана угуп турасың. Боз үйдөн сырткы космос жана ички дүйнө менен бирге жашап жаткандай сезесиң, өзүңдү.

Кыргыздын боз үйүн жасоого кол өнөрчүлөрдүн бардык чеберлери — теричи, жыгач уста, темир уста, саймачы, оймочу, зергери, уздары катышкан. Кыргыздар боз үйдү күнүмдүк тиричиликке, сый-сөөлөткө жасашкан жана жоопкерчиликте урунушкан, анын түрлөрү көп.

Боз үйлөр чоң-кичинесине карата алтымыш баштан-жүз баш, эки жүз баш деп, керегенин башына карата бөлүнөт. Үйдүн ичи төр, улага, эр жак, эпчи жак деп төрткө бөлүнөт. Төргө кадырлуу меймандар, карыя аксакалдар, эпчи жакка казан-аяк кармаган аялдар, эр жакка эркектер, улагага кичүүлөр отурушат

Байыртан бери боз үйлөр жасалыш үлгүсү боюнча кыргыздын боз үйү жана калмак (моңгол) боз үйү болуп айырмаланган. Кыргыздардын боз үйүнүн керегеси кенен, ууктары узун, түндүгү бийик келет.

Кыргыз боз үйлөрүнүн жыгачтары негизинен талдан, түндүгү арчадан жасалат. Көлөмү боюнча төрт канат, алты канат, кээ бир ажолордун, байлардын ак өргөлөрү 30 канатка жеткен учурлары бар.

Боз үйдүн негизги жыгачтары — кереге, уук, босого таяк, түндүк, каалгадан турат. А дегенде кереге жайылып, аштарына уук учтугу менен чалып байланат. Босого таяк орнотот. Бакан менен түндүк көтөрүлөт, уук сайылат. Чий тартылган соң туурдук, үзүк, эшик тыш, түндүк жабуу жабылат.

Боз үй ичинде бүткүл кыргыздын байыртан берки тарыхы, тиричилиги, салты, маданияты, тили, дили, акылмандыгы, өнөрү, ой-акылы жатат. Анын баарын чечмелеп айтса өтө узак кеп.

Кыргыздын боз үйүндөгү ырым-жырымы күчтүү болгон: керегеге бутту артпаган, түндүктүн жибине артылбаган, босогону баспаган, түндүктү, баканды аттабаган, отко суу куюп өчүрбөгөн, чөмүч менен итке аш куйбаган, тулганы, сүттү теппеген, шамалды сөкпөгөн, дасторконду тетири салбаган, күйгөн отко түкүрбөгөн, жылдыз санабаган, эшикти тээп ачпаган, босогого туруп бой кербеген, үйдө ышкырбаган, үй айланып чуркабаган жана башка.

Боз үйдүн жыгачын ар түрдүү усталар жасашат. Ал өтө чеберчиликти, көп убакытты талап кылат. Боз үйдүн уук-керегесин, босого таягын узанган чеберди «уукчу», «керегечи», түндүк жасаганды «түндүкчү» дешет.

Кыргыздар жакшылык айтканда «түндүгүңдөн түтүн үзүлбөсүн», «чамгарагың көтөрүлсүн, очогуң өчпөсүн», «отуң өчпөсүн», «түндүгүң бийик, керегең бек болсун», «коломтоң сапырылбасын», суук кабарды билгизгенде «келе бакан, куу союл», «чаначтай көөп», «карды чанач», «чылгый чаначтай ийле», каргыш айтканда «түндүгүң түшсүн», «чыгдандын ары жагында кал» деген сөздөрдү айтышкан.

Эл оозунда боз үйдүн жабдыктары символ катары колдонулган, мисалы адамга баа бергенде «ууктай узун», «керегеси май болду», «бакандай азамат», «чийдин түбүн тешкен жигит» дешсе, кээде макал-лакап түрүндө «уугум сага айтам, уулум сен ук, керегем сага айтам, келиним сен ук», «чыккан кыз чийден тышкары», «кызы бар үй — кымызы бар саба» деп айтышкан.

Боз үйдүн ичи. Боз үйдүн так ортосу – коломто, ага казан асылат. Төр – үйдүн эшикке карама-каршы тушу. Анда жүк жыйылып, ала кийиз, өрө кийиз, шырдак, көлдөлөң, төшөк салынат. Жүктүн эки жагына текче илинет.

Эпчи жак – үйдүн кире беришиндеги оң тарабы. Ага ала бакан орнотуп, ашкананы чий менен калап, тамак-аш, идиш-аяк сакталган. Аяк кап, чыны кап илинген.

Эр жагы – үйдүн сол тарабы. Анда эркектердин кийими, куралы, ат жабдык жана башка буюмдары коюлган.

Улага – үйдүн кире бериши. Ага, адатта, отун жыйып, ээр-токум коюлган. Боз үйгө туш кийиз, көшөгө тартуу – эзелтеден берки салт.

кийиз

Туш кийиз. Туштук, туш кийиз, туш туурдук – боз үйдүн керегесине, там үйдүн дубалына тартуу учун саймаланган кооздук буюм. Туш кийиздин узундугу 2,5 – 3 метрдей, туурасы 1,5-2 метрдей, четинин эни 40-50 сантиметрдей болот. Адегенде туш кийизди кийизге оюу-чийуу, көчөт түшүрүп жасаган, чети кундуз менен көбөлөнгөн. Баш жагына шуру, бермет, акак таштар бастырылган.

Кийин тукаба, парча сыяктуу кездемеден жасала баштаган. Анын ич жагы астарланат (ичтелет), жээги саймаланбай кара, кызыл түстөгү калың материал менен 5-7 сантиметрдей жээктелип, ийрек же ромб формасындагы кош тигиш менен шырылат. Чети чий баркыттан, макмалдан жасалып, бетине көчөт түшүрүлөт.

Туш кийиздин ортосу четинин өңүнө карата тандалат.Чети кандай материалдан болсо, ошол эле материалдан анын дал ортосуна (кээде эки бурчуна да) тумарча орнотулган. Туш кийиздин четине жарым бадам, жарым кыял, бармак боочу өңдүү оюмдар сайылат. Туш кийиздин четки саймасы менен ортолук саймасын ала мончок оюму менен сайылган эндүү жээк бөлүп турат.

Көркөм көчөттөрдү бири-биринен ак, сары жана башка жиптер менен сайылган суусу, ала мончогу айырмалайт. Алар бутактанып кетет. Туш кийизде кыял оюму кенен колдонулат. Туш кийиз боз үйдү кооздоп гана турбастан, суукту да тоскон.

Ала кийиз – колдонмо кол өнөрчүлүктүн бир тармагы. Түр салынып жасалган кийизди ала кийиз деп аташкан. Ал кара койдун жүнүнөн жасалат. Сабалгандан кийинки майда тытылган жүн чийдин үстүнө текши төшөлүп, калың, жука жерлери текшиленип чабакталат. Түрүлүп түйдөктөлгөн жүндөн түр (сайма, кеште) салынат. Түр салынган

жактары бузулбас үчүн четинен этияттык менен түрүп турат. Түр салынган жүнгө ысык суу себилип чий менен кошо оролот; анын эки башына кап же башка нерсе кийгизишет. Оролгон чий сыртынан жип менен бекем чырмалып, аны аласалдырып тебе башташат.

Жүнү кирген кийиз чийден этияттык менен чыгарылып, түрүлөт. Оңду-солду басылат. Бышырылганда гана ала кийиз бүттү деп эсептелет. Ала кийизди аялдар жасайт, тебүү жана сүйрөө иштерине эркектер катышат.

Шырдак, шырдамал – кийизден жасалып, жерге салынуучу үй буюму. Бети эки бөлүктөн – ортосу же негизи (узундугу 2-2,5 метр, орточо) жана четинен (25-35 сантиметр) турат да, кыюусу (6-10 сантиметр), жээги (0,5-1,0 сантиметр) болот.

Шырдак жасоо үчүн кийиз жасалат. Шырдактын бети болуучу ак кийиз ар кыл түскө боёлот. Андан шырдактын бөлүктөрү бычылат, ар бирине оймо түшүрүлүп, оюлат. Оюлган кийиздин бири оймо, экинчиси бет болот. Булар бири-бирине кынаштырылып жөрмөлгөндөн кийин, ортоңку бөлүгү менен четки бөлүгү кыюу аркылуу бириктирилет да, ичилиги ичтелип, шоона менен шырылат.

Оң-сол ийрилип, чыйратылган түстүү жиптен жөрмөп бириктирилген сызыгы боюнча оюулардын үстүнөн ызгыт (милте) бастырылып жөрмөлөт. Шырдактын айлана четине ак, кара кийизден каршы-терши иймек бастырылат. Шырдактын ортосуна чоң оймолор, четине, кыюусуна кичирээк оймолор түшүрүлөт.

Шырдактын жасалышында жергиликтүү өзгөчөлүктөргө карата айырмалангандыктан, анын аты ар кайсы жерде ар башкача аталат: шырымал, төрбөлжүн, оймо теке, ободо, түр кийиз жана башка.

Өлчөмүнө карай чоң шырдак (420×180 см), орто шырдак (330×150 см), кичине шырдак (250×100 см) болуп бөлүнөт.

Көөкөр – тиричиликте колдонуучу идиштин түрү. Аны төөнүн, же үйдүн терисинин калың жеринен (эки капталынан) алешем кылып кургатып бычышат. Шар сууга казык аркылуу байланган чылгый терини улпак салып же жарма куюп ороп койсо, жүнү тез эле жыдыйт. Төөнүн териси күрөк менен челденет. Челденген тери шибеге, же темене менен тигилет. Көөкөргө кумдуу топуракты шыкайт. Идиштин ийини, мойну, булуң-бурчтары атайын ийри шиш аркылуу көркүнө келтирилет. Шыкалган топурак тоборсугандан кийин оюм-чийим түшүрүлөт. Кээде көөкөрдүн булуң-бурчтарына, ийнине, моюнуна күмүш, жез чегилет. Ага түшкөн шөкөттөрдүн формасы ар кандай. Көөкөрдүн кепкегине алтын-күмүш чөгөрүлүп, жезден чагарак салынган. Көөкөр ар кыл формада жасалган.

Чанач – эчкинин туюк сыйрылган терисинен жасалган идиш. Чаначка кымыз, айран, жарма жана башка суюк тамактар куюлат. Ал кол чанач, серке чанач, эркеч чанач, чоң чанач деп бөлүнөт.

Чанач жасоонун ыкмасы: тери 1-2 күн чие чөбүнүн суусуна чылангандан кийин ичи-сырты малдын майы менен майланып ийленет, жарым айдан кем эмес мөөнөттө ышталат. Ышы кеткенден кийин өңүн кызартуу учун ага айран толтуруп, белгилүү убакыт күнгө кармашып, сууга чайкашат.

Чаначтын бучкактары жана түбү чыйратылган жиптен же тарамыштан милте (жээк) коюлуп тигилет. Тамактын даамын сактоо үчүн чаначты майлап жана ыштап турушкан.

Челек - үй тиричилигинде пайдаланылуучу идиш. Ага көбүнчө суюк нерселер куюлат. Арча, кайың, карагайдан жасалган. Керектуу жыгач кыйылып, кургатылып, өз-өзүнчө

чабакталып, челекке мүнөздүү формада кынапталат да, калай, жез, жукартылган тал менен курчап бириктирилген.

Жоон жыгачтын ичин оюп бал челек жасалган. Челектин капкагы болот. Куйган тамак-аштын даамы бузулбай сакталыш үчүн аны тез-тез ыштап, малдын майы менен майлап турушкан.

Чөйчөк – жыгач идиштин бир түрү. Ал арча, кайың, карагай, тал, өрүк, жаңгак, алча, алма жыгачынан жасалат. Жасалыш ыкмасына карай чапма чөйчөк (чабылат), кырма чөйчөк (кырылат) болуп экиге бөлүнөт. Чөйчөк колдонууда жарылып кетпес үчүн ичин май, каймак менен шыбап, жалынга кайрып алышкан. Кээде ыштап коюшкан.

Жаргылчак – дандан талкан, угут тартуу учун беттеме таштан жасалган кол тегирмен. Жаргылчактын астыңкы жалпак ташы тегеренбей, анын так ортосундагы көзөнөгүнө кагылган катуу жыгач же темир шимеги болот. Шимек жаргылчактын үстүнкү ташынын ортосуна кирип, аны бир окто айлантып турат. Тартылуучу дан шимектүү көзөнөккө ууч менен салынат. Жаргылчак үстүңкү бетинин бир жак четиндеги көзөнөгүнө кагылган жыгач туткасы аркылуу кол менен айландырылат. Жаргылчакты аялдар жана балдар тарткан.

Кумган – металлдан (жез, коло, чоюн) куюлуп жасалган идиш. Түп жагы курсактуу, ичке моюндуу, туткалуу, чорголуу, капкактуу болгон. Чай кайнатуу, колго суу куюу, даарат алуу үчүн керектелген.

Куржун – терме же жөнөкөй таардан, килемден ортосу бириктирилип, артынып жүрүүгө ыңгайланып жасалган эки көздүү баштык. Кыргыз буюмдарынын бири Куржундун ар бир көзү (баштыгы) 50×50 см, бүт чети же бурчтары чачыланып кооздолот, ооздору туюк үч бүчүлөр менен бекитүүгө ыңгайланат.

Камчы – унааны, малды айдоо учун колдонулуучу буюм.Камчы зарыл учурларда куралдын да милдетин аткарган. Саптан, камчынын өрүмүнөн, бүлдүргөдөн турат. Сап табылгы, ыргай, четин, кайыңдан жана эликтин шыйрагынан (туягы менен кошо) жасалат.

Камчылар эркектики жана аялдыкы болуп шарттуу түрдө экиге бөлүнөт.

Камчынын кармай турган жерине булгаары каптап, кооздук үчүн төкмө чачы тагылат. Анын төмөн жагына камчы колдон түшпөс үчүн камыштан илгич – бүлдүргө бекитилет. Камчынын өрүмүнүн башына калай кадалат. Өрүмү жанбас үчүн өрүмдүн башынан, ортосунан, учунан түшкөн түйүмү түйүлөт. Өрүмдүн терме, суйсалма, жылан боор, котур, музоо тиш, бугу жана башка түрлүрү бар.

«Эл таануу» китебинен

- Сура Аль-Инсан
- Беш көкүл кыз
- Ашынып кетүү
- «Кыз кыздай, кыш кыштай болсо»
- РАЙКАН ШҮКҮРБЕКОВ. ТОО ЭЧКИ
- Шаар бузулду
- Аш көп болсо, каада көп
- Ата мурасы жөнүндө сөз
- Атка мингизүү

- Кыргыз-моңгол, калмак согуштары
- СҮЙҮНБАЙ ЭРАЛИЕВ. ЖОГОЛГОН ДҮЙНӨ
- Кузаматчылык
- Кедей
- Салынуу кашык
- Жаңы тигилген үйгө жүгүнүү
- Үч талак
- Ыбрайымдын мылтык көтөрүлүш
- АБА
- Кыргыздын уруучулукка бөлүнүшү
- Кызыл карышкыр
- Көрсөтмө
- ЖОЛОН МАМЫТОВ. ТАЛАНТ
- Чопкут
- Байдылда Сарногоев. Дудуктун тили
- ЧУБАКТЫН МАНАСКА ЧОРО БОЛГОНУ
- Ат үйрөтүүчүлүк
- Оп майда
- Мелдеш
- Сура Аль-Касас
- Таш бараңга алуу
- ЖОЛОН МАМЫТОВ. БАКЫТ, АТЧАН
- АСАН ЖАКШЫЛЫКОВ. ЭЛ КЕНЧИ
- КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ. АЛА ТОО
- Күзгү жалбырактар
- «КЫЯМАТ» РОМАНЫНАН. Моюнкумдагы алаамат
- АЛЫКУЛ ОСМОНОВ. МЕН КЫРГЫЗДЫН АКЫНЫ
- Аким жана элеттик
- Болуш
- Томаяк
- Байлыкты ким кандай түшүнөт?
- КАЙЫК («Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» повестинен)
- Кой үстүндө боз торгой жумурткалап
- Кыргызча аңгемелер. Тиги дүйнөдөгү тергөө
- Күтүүсүз күлкү
- Ала-Тоодон кийинки сүйүүбүз көл бети
- Кыргыз абасы
- «Жардынын жалгыз аты айгыр, жатып алып кайгыр»
- Сура Каф
- ЖОЛООЧУ РЫСБАЕВ. БИЗГЕ КЕРЕК БИР МИДИН
- Алачка
- АКБАР РЫСКУЛОВ. ЭЛЧИ ЖҮРДҮМ
- ТОГОЛОК МОЛДО. ГҮЛ ОЙРОН
- ДОС ТАНДОО ЖӨНҮНДӨ
- Цивилизация жана табият
- АЙТ,АЙТ ДЕСЕ
- Май кармаган бармагын жалайт
- Манас тайбуурулду мингендекайра уруш башташы, чаркы келбей кол тарап,жерлерине кайтышы
- Үмөтаалы ормон уулунун оруска караганы
- Бекбекей
- ДАРЫЯ, СУУ (4)
- Ит ырыскылаш

- Саяк кыргызынан каба уругу алыбек баатырдын нарындын боюндагы өзбектин куртка коргонун бузганы
- Жер аттары – энчилүү аттар
- Таң каракчысы
- Босогону басып кирүү, басып чыгуу
- Ким бат картаят?
- Мазарга сыйынуу
- Кыргыз ырлары. Кыргыз калкым
- Сагыз жөнүндө.
- Байдылда Сарногоев. Бугубайдын белеги

Кыргыз

Метки: Камчы, КЫРГЫЗ БУЮМДАРЫ. Боз үй, Туш кийиз
« **УЛУТТУК ОЮНДАР КЫРГЫЗ ОЮНДАРЫ**
Кыргызстандын искусствосу (фото) »

- ## Кыргыз Инфо.РУ сайты тууралуу

Кыргыз Инфо сайтынан сиз **кыргыз элинин каада-салттары, эпостору, ырлары, макалдары, табышмактары** жана көптөгөн маалыматтары тууралуу кенен маалымат таба аласыздар... Кошумча маалыматтар





- ## Кыргыздын чыгармачылык байлыгы, Творческие богаства кыргызского народа:

  - Баяндама / Изложение (141)
  - Жомоктор – Сказки (67)
  - Ислам дини (138)
    - Куран (Коран) (138)
  - Кыргыз ак баталары / благословения (4)
  - Кыргыз жазуучулары (1)
  - Кыргыз Каада-салттары / Обычаи (601)

- Кыргыз макал-лакаптары / пословицы, поговорки (29)
- Кыргыз романдары (1)
- Кыргыз тилин үйрөнүүчүлөргө (2)
- Кыргыз ырлары / стихи (430)
- Кыргыз эл оюндары (41)
- Кыргызстан – Галерея (4)
- Кыргызча аңгемелер (48)
- Кыргызча дилбаяндар / Сочинения на кыргызском (2)
- Кыргызча табышмактар / загадки (53)
  - Айлана-чөйрө / Окружающая среда (52)
- Кыргызча Текстер / Тексты на кыргызском (545)
  - Башталгыч класстар үчүн текстер (19)
  - Баяндама / Изложение (18)
  - Биология (5)
  - Жаратылышты коргоо (экология) (14)
  - Информатика (4)
  - Кол өнөрчүлүк (7)
  - Кыргыз тили жана адабияты (87)
  - Кыргызстандын географиясы (27)
  - Математика (11)
  - Медицина (10)
  - Музыка (12)
  - Педагогика жана психология (4)
  - Сүрөт (10)
  - Тарых (290)
  - Укук таануу (7)
- Манас энциклопедиясы (15)
- Мыскылдар (40)
- Эпостор / эпосы (48)

Кыргыз-Салт

• Кыргыз тилинин грамматикасы

Кыргыз тили. Морфология

Кыргыз тили. Лексика

Кыргыз тили. Синтаксис



Кыргыз тили. Фонетика

Кыргыз тили. Сөздүктөр

НАЦИОНАЛЬНАЯ ИНТЕРНЕТ ПРЕМИЯ

мы знаем где
ПУТЕВОДИТЕЛЬ
по индустрии развлечений

Институт педагогикиЦентральная АзияБесплатные объявления в Бишкеке

KG 1133 3296 66 1358

- # Кыргыз Инфонун галереясы



- # Акыркы кошулган маалыматтар

  - Ыза (новелла)
  - Тагдыр. Даректүү роман
  - Урааным сенсиң – Кыргызстан, Ырымдын обону сен – Кыргызстан
  - Акын жана коомдук ишмер Бүбайша Арстанбекованын чыгармачылыгы
  - Кыргыз макалдары. Темир – отто, киши – жокто чыңалат.
  - Абак
  - Аба ырайы
  - Адамдык
  - Агыш
  - Агыдай
  - Аверден
  - Абыке
  - Абий
  - Абдыракунов Турдубай
  - Абдылдаев Эсеналы
-

  - АЙ ЖАҢЫРГАНДАГЫ АЙТЫМ
  - Үркүн
  - Маалымкат
  - Үй тигүү
  - Моголстан

- ЭҢ ЭСКИ КЫРГЫЗ
- Кыргыздын музыкалык аспаптары
- Гармониялуу адамдар
- Кызыл карышкыр
- Скифтер (Скифы)
- КҮН КҮРКҮРӨӨ, ЧАГЫЛГАН, ЭЧКИ
- Боор толгоо
- АМАН ТОКТОГУЛОВ. ҮЧ ЭКМЕТ
- БАЙДЫЛДА САРНОГОЕВ. МЕКЕНИМ
- Чычкан мурдун канатпоо

КыргызИнфо